# Океандын түбүндө



Автор: Үмүт Айтбаева

Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

# Океандын түбүндө

Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Океандын түбүндө» (кыргыз тилинде), автор Үмүт Айтбаева, сүрөтчү Таттыбубу Ырысбай

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Акуланын баласы Бобо менен кашалоттун баласы Монти экөө абдан көп нерсеге кызыгышат. Океандын түбүндөгү өсүмдүктөрдү, балыктарды изилдегенди жакшы көрүшөт.

Бир күнү Бобо, үйүнөн бир аз алысыраак сүзүп баратып узунунан кеткен жылан сыяктуу нерсени көрдү. Аны бойлой сүзүп кете берди, бирок ал нерсе абдан узун экен.

– Монти, салам! Бул узун нерсе эмне экенин билесиңби? – деп кашалот досунан сурады.

– Ал суу ажыдарынын куйругу го.

– Анда, ал эмнеге кыймылдабайт?


– Кел, тиштеп көрөбүз?

Экөөлөп тиштегилеп киришти, эч кандай үн чыккан жок. Кыймылдап качкан да жок. Бобо лупа алып келди. Монти экөө узун нерсени изилдеп карап башташты.

Кызык, ал нерсенин, арсайган тиши, кулагы, жада калса, оозу да жок экен.

– Бобо, кел, сүзгүлөп көрөбүз.

– Жансыз го? Жүрү, башкалардан сурап көрөлү, – деп эки дос зуулдап сүзүп жөнөштү.



Алдыдан дельфин Рози чыкты:

– Салам! Балдар, каякка шашып бара жатасыңар?

– Салам, Рози! Бир нерсени изилдеп жүрөбүз. Жүрү, биз менен.

– Бир узун нерсенин эмне экенин билбей жатабыз.

Үчөө чогуу баягы жерге сүзүп келишти.

– Балдар, бул интернет ташыган оптикалык булалары менен зым да.

– Эмне дейсиң? Интернетти ким каякка ташып жатат?


– Компьютер, планшет, телефондор интернет аркылуу туташып турат. Ошондуктан биз бири-бирибиз менен бир секунд ичинде эле көптөгөн маалыматты алмаша алабыз. Кат, ыр, видео, жада калса ютубдан көргөн мультфильмдер да ушул зымдар аркылуу кеткен интернет менен көрүнөт.

– Мына кызык, Рози! Сен мунун барын кайдан билесиң?

– Ютубдан оптикалык булалар жөнүндө видео көргөм. Маалымат технологияларына абдан кызыгам. Келечекте мыкты программист болгум келет.

– Биз интернет жалгыз эле спутник аркылуу таралат деп ойлогонбуз.

– Ооба, спутник аркылуу дагы таралат. Бирок ал оптикалык булалуу зымдан тараган интернеттен ылдамдыгы жайыраак. Көптөгөн интернет-ташуучу компаниялар океандын түбү менен интернетти башка өлкөлөргө жеткиришет.


15.00



– Рози, биз ал зымды тиштегилеп салганбыз. Эми эмне болот?

– Кимдир бирөө, зымдарга зыян келтиргенде, суучулдар акваланг менен океандын түбүнө түшүп оңдошот.

– Карагылачы, суучулдар келишти! Азыр тиштелген зымдарды оңдогону жатышат.

– Ий-ий, тиштебей эле койсок болмок экен да. Балдар интернеттен мультфильм көрө албай калышты го?

– Мындан кийин андай кылбагыла. Андан көрө жүргүлө, суучул байкелерге жардам беребиз.

– Кеттик! Тезирээк сүзүп баралы! – деп Бобо достору менен интернет зымдарына карай сүзүп кетишти.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Таттыбубу Ырысбай

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли